**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмү.**

**Жалал-Абад областынын Аксы районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы бюджетинин түзүлүшү, аткарылышына жана муниципалдык ишканаларынын ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча**

# ЖАЛПЫЛОО ОТЧЕТУ

**Аудиттин негизи:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылга карата аудитордук иш планы жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн жетекчисинин 2025-жылдын 8-апрелиндеги №02-2/56 буйругу.

**Аудиттин объектилери:** Аксы райондук мамлекеттик администрациясы, Аксы районунун өнүктүрүү фондусу, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Аксы финансы башкармалыгы, Кербен шаардык мэриясы, Кербен шаардык мэриясынын алдындагы “Кербен Тазалык”, “Кербен Таза суу”, “Мин-Булак Таза суу” муниципалдык ишканалары, Ак-Жол, Үч-Коргон, Кара-Камыш, Сары-Челек, Ак-Суу, Кош-Дөбө айыл өкмөттөрү жана айыл өкмөттөрү алдындагы муниципалдык ишканалары.

**Аудиттин максаты:** Аксы районундагы өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү бюджетинин түзүлүшү, аткарылышына жана муниципалдык ишканаларынын ишмердүүлүгүнө шайкештик аудит жүргүзүү.

Аудит, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мамлекеттик инспектору А.А.Матякубов (топтун жетекчиси), мамлекеттик инспекторлор: К.М.Ажиматов, Исаков.К Т.Зулпиев, М.К. Маманов Т.А.Зулуев, К.Рахманов, Т.Р.Акматов тарабынан жүргүзүлдү. Аудит Аксы райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким С.М.Таштанбековичке билдирүү менен, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Аксы финансы башкармалыгынын башчысы Т.К.Сонунбековичтин катышуусунда жүргүзүлдү.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан жүргүзүлгөн мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жиберилген жазма буйруктардын аткарылышына аудит:**

Аксы районундагы өз алдынча башкаруу органдарынын 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата жергиликтүү бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышына, муниципалдык ишканалардын ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгында жалпысынан **22259,5** миң сомдук каржылык бузуулар аныкталган. Жалпы аныкталган каржылык бузуулардын ичинен ордуна коюлууга тийиш болгону 22259,5 миң сом, аудиттин жүрүшүндө 15206,3 миң сом ордуна коюлган, **7053,2** миң сом ордуна коюлган эмес.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүмү тарабынан, Аксы райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким С.М.Таштанбековичтин жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин

Аксы финансы башкармалыгынын башчысы Т.К.Сонунбековичтин наамдарына аныкталган каржы бузууларды жоюу жана калыбына келтирүү боюнча Жазма буйрук каты жиберилген. Жазма буйруктун аткарылышына талдоо жүргүзүүдө, ордуна коюлбай калган 7053,2 миң сомдук каржы бузуулардан 6799,8 миң сом ордуна коюлуп, **Кербен шаарынын мэриясынын боюнча жалпы 253,4 миң сомдук** каржы бузуулар азыркы учурга чейин ордуна коюлбагандыгы такталды, анын ичинен:

- Шаардык Кенештин 26 депутатына командировкалык чыгымдар үчүн негизсиз төлөнүп берилген **159,4 миң сом** тиешелүү кызматкерлерден өдүрүлүп калыбына келтирилген эмес:

- **«Кербен шаарындагы Уметалиев көчөсүндөгү №49 Ынтымак мектебинин аймагына спорттук залдын жуунуучу бөлмөсү менен курулушу”** обьектиси боюнча подрядчы «АУС Групп» ЖЧКсы тарабынан **94,0 миң сом** бюджетке кайтарылбаган.

**Аксы району боюнча кыскача маалымат:**

Аксы району Фергана өрөөнүнүн түндүк чыгышында жайгашкан. Түндүк жагынан Чаткал тоо кыркалары, батыш жагынан Өзбекистан Республикасынын Наманган облусунун Жанкоргон району менен, чыгыш чекарасы Нарын дарыясын бойлото чектелет. Район областтын борбору Жалал-Абад шаарынын түндүк батыш тарабында жайгашкан. Жалпы жер аянты 56543,4га. Аксы району Өзбекстан Республикасынын Наманган областынын төрт району менен чектешкен.

Райондун карамагына 1 шаар мэриясы, 6 айылдык округ болуп 79 калктуу пунктар катталган. Административдик борбору болуп Кербен шаары саналат. Райондун аймагында 33 бюджеттик мекеме бар, анын ичинен: республикалык бюджеттен каржыланган 26 мекеме, жергиликтүү бюджеттен 7 мекеме каржыланат. Райондун көпчүлүк калкы айыл чарба жана жер айдоо менен алектенет.

2024-жылдын 1-январына карата калктын саны 142559 адамды түзөт. Кожолуктун саны 27030, анын ичинен: эркектер 70415 жана аялдар 68410 адамды түзөт.

**Бюджеттик процесстин мыйзам нормаларына шайкештигине аудит:**

Аксы районунун жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн түзүлүшү негизинен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолу жөнүндө» токтомдоруна негиз, Аксы районунун өнүктүрүү Программасынын алкагында, ошондой эле жергиликтүү бюджеттердин түзүү, кароо, бекитүү жана аткаруу процессинде, мамлекеттик финансыны тескөө жаатында келип чыккан укуктук мамилелерди жөнгө салуучу, Кыргыз Республикасынын “Бюджеттик кодексинин”, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү”, “Кыргыз Республикасынын 2024-жылга карата республикалык бюджети жана 2025-2026-жылдарга божомолу” Мыйзамынын 12-беренесинин талаптарына негиз, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына теңдөөчү трансферттерди биринчи кезектеги тартипте корголгон беренелер жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча чыгашаларды каржылоого багытталуусу каралган.

Аудитке камтылган мезгилде бюджеттин аткарылышынын жүрүшүндө бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнө өзгөртүүлөр жергиликтүү кеңештердин отурумдарында каралып, тактамалардын негизинде жүргүзүлгөн. Мындан сырткары кеңештердин токтомдорунун негизинде жылдын башында калган

каражаттар жана отчеттук мезгилге бюджетти аткаруунун жыйынтыгында кирешелердин чыгымдардан ашыкча аткарылышынын эсебинен кошумча каражаттар бөлүнгөн.

2024-жылдын жергиликтүү бюджеттеринин киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча жалпысынан 338 704,9 миң сомго бекитилген.

Ал эми 2024-жылдын 1-январына калган калдык 56 689,8 миң сом, анын ичинен 54 928,0 миң сом бюджеттик каражаттар жана 1 761,8 миң сом атайын каражаттар.

2024-жылдын бюджетинин аткарылышынын жүрүшүндө бекитилген бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөр киргизилип, жыйынтыгында жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгү жалпысы 417 865,1 миң сомго такталган, анын ичинен атайын каражаттар 34 153,4 миң сомго, чыгаша бөлүгү 364 464,8 миң сомго аныкталган, анын ичинен атайын каражаттар 35 753,4 миң сомго такталган.

**Жергиликтүү бюджеттин божомолунун түзүлүшүнө анализ жана бюджеттин резервтерин аныктоо:**

Аудит жүргүзүлгөн аралыкта, Аксы районунун жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн план-болжолу, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин негизинде түзүлүп, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин сунушунун чегинде болжолдуу көрсөткүчтөрү боюнча түшүүчү салык жана салыктык эмес төлөмдөрү, жалпы мамлекеттик нормативдик чегерүүлөрдөн алынуучу салыктары жана теңдөөчү гранттын көлөмдөрү жеткирилген.

**Салыктык жана салыктык эмес кирешелердин аткарылышы, бюджеттин кирешелер түзүмүнүн бекитилген параметрлерине салыштырмалуу бюджеттин аткарылышына аудит:**

2024-жылга салыктык кирешелер планы 202 923,6 миң сомго такталган. Жылдын жыйынтыгы менен салыктык кирешелердин түшүшү 206 576,7 миң сомду түзүп, планга караганда 3 653,1 миң сомго көп чогултулган же 101,8 %га аткарылып, өсүү темпи 2023-жылга салыштырганда 105,0% түзгөн.

2024-жылга салыктык эмес кирешелер 63 729,4 миң сомго такталган. Жыл ичинде салыктык эмес кирешелер 64 070,3 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 340,9 миң сомго көп чогултулган же 100,5 %га аткарылып, өсүү темпи 2023-жылга салыштырганда 102,0% түзгөн.

**Бюджеттер аралык трансферттердин, анын ичинен теңдештирүүчү жана максаттуу трансферттердин толук түшүшүнө талдоо:**

**2024-жылы бюджеттер аралык трансферттердин** жалпы суммасы 151 212,1 миң сомго пландаштырылса, жергиликтүү бюджетке 147545.7 миң сом түшүп, 97,6%га аткарылган. Анын ичинен:

- **теңдештирүүчү трансферттердин** планы 84 748,8 миң сом болсо, аткарылганы 84 748,8 миң сомду түзгөн же 100,0 %га аткарылган.

- **максаттуу трансферттердин** жалпы суммасы 66 463,3 миң сом болсо, 66 463,3 миң сом түшүп 100,0% аткарылган, анын ичинен: республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке делегирование боюнча каражаттары 5182,4 миң сом, Кербен шаарын жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүү жана күтүү чегерүүлөрдөн 40 000,0 миң сом, Кош Добо айыл өкмөтүнүн башкы планын даярдоого багытталган каражаттар 10 418,4 миң сом, Кош Добо айыл аймагы (**мыкты айыл аймак наамына)** 3 000,0 миң сом, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык айрым салыктардын түшпөй калуусунун ордун толтурууга

2 942,5 миң сом. Ак Жол айыл аймагы, Сары-Челек айыл аймагын жана Кербен шаары жаны мектепке чейинки уюмга камсыз кылуу максатында 4 920,0 миң сом, ал эми мектепке чейинки ашыкча сумма 3666,4 миң сом Кыргыз Республикасынын Финансы миңистирлигинине кайтарылып берилген.

**Дем берүүчү (үлүштүк) гранттын каржыланышына жана пайдаланышына аудит.**

**2024-жылы** жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жалпысынан 51 992.5 миң сомдук ***дем берүүчү (үлүштүк) гранттын*** эсебинен каржыланган 16 долбоор ишке ашырылган, анын ичинен: республикалык бюджеттен дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен 33 996,7 миң сом, өздүк салымдары 17 658,3 миң сомду түзгөн.

***<u>Дем берүүчү (үлүштүк) гранттын сарпталышы айылдык аймактар боюнча:</u>***

- Ак-Жол айыл аймагы боюнча 3 долбоор 10 042,2 миң сом,
- Кара-Камыш айыл аймагы боюнча 2 долбоор 5 964,0 миң сом,
- Кош-Дөбө айыл аймагы боюнча 3 долбоор 10 996,4 миң сом,
- Сары-Челек айыл аймагы боюнча 3 долбоор 6 548,5 миң сом,
- Үч-Коргон айыл аймагы боюнча 2 долбоор 5 756,9 миң сом,
- Кербен шаар мэриясы боюнча 3 долбоор 12 684,5 миң сом.

**Бюджеттин чыгашасынын динамикасына жана түзүлүшүнө аудит:**

**Жергиликтүү бюджеттердин** 2024-жылы чыгаша бөлүгү атайын каражаттарды кошкондо такталган план 471873,6 миң сомду түзгөн. Ал эми кассалык аткарылганы 433780,3 миң сом болуп, такталган планга салыштырмалуу 34050,0 миң сомго аз же 91,9%ды түзгөн. Анын ичинен активдер боюнча бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн такталган планы 143036,8 миң сомду түзсө, кассалык аткарылышы 138996,1 миң сом болуп, такталган планга салыштырмалуу 4040,7 миң сомго аз же 97,2%ды түзгөн.

**Бюджеттин чыгашасынын динамикасы жана түзүлүшү.**

2024-жылы бюджеттин чыгаша бөлүгү атайын каражаттарды кошкондо такталган план 471873,6 миң сомду түзгөн. Ал эми анык аткарылганы 433780,3 миң сом болуп, такталган планга салыштырмалуу 34050,0 миң сомго аз же 91,9%ды түзгөн.

**Жалпы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр:**

Жалпы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр тармагы боюнча 2024-жылга бюджеттик чыгымдар жалпысынан 193966,7 миң сомго такталган. Ал эми өздөштүрүлгөн сумма 178866,8 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 15099,9 миң сомго аз болгон же 92,2%га аткарылган. Анын ичинен активдер жана милдеттенмелердин такталган планы 14998,7 миң сом, чыгымдалганы 13994,9 миң сом болуп, 1003,8 миң сомго аз, же 93,3%га аткарылган.

**Экономикалык маселелер бөлүгүнө:**

2024-жылга карата экономикалык маселелер, Жайыт боюнча бюджеттик чыгымдар жалпысынан 2209,6 миң сомго такталган. Ал эми өздөштүрүлгөн сумма 1141,7 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 1067,9 миң сомго аз болгон, же 51,7%га аткарылган.

**Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр:**

Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр тармагы боюнча 2024-жылга такталган план 144 903,7 миң сом болсо, ал эми өздөштүрүлгөн сумма 138246,3 миң сом, же болбосо 6657,4 миң сомго аз чыгымдалып, такталган планга салыштырмалуу 95,4%га аткарылган.

Активдер жана милдеттенмелердин такталган планы 99666,6 миң сом, чыгымдалганы 97808,2 миң сом, же болбосо 1858,4 миң сомго аз чыгымдалып 98,1%га аткарылган.

**Эс алуу, маданият:**

2024-жылга карата маданият бөлүмү боюнча бюджеттик чыгымдар жалпысынан 23807,7 миң сомго такталган. Ал эми өздөштүрүлгөн сумма 22001,5 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 1806,2 миң сомго аз болгон же 92,4%га аткарылган.

Активдер жана милдеттенмелердин такталган планы 4186,7 миң сом, чыгымдалганы 4120,2 миң сом, же болбосо 66,5 миң сомго аз чыгымдалып 98,4%га аткарылган.

**Билим берүү тармагы:**

2024-жылга карата билим берүү бөлүмү боюнча бюджеттик чыгымдар жалпысынан 106585,9 миң сомго такталган. Ал эми өздөштүрүлгөн сумма 93324,0 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 13261,9 миң сомго аз болгон же 87,6%га аткарылган.

Активдер жана милдеттенмелердин такталган планы 23784,8 миң сом, чыгымдалганы 22872,8 миң сом, же болбосо 912,0 миң сомго аз чыгымдалып 96,2%га аткарылган.

**Казына бөлүмүнүн функционалдык ишмердүүлүгүнө аудит:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Аксы финансы башкармалыгынын казыналык бөлүмүнүн 2024-жылга иш планы түзүлгөн жана башкармалыктын башчысы тарабынан бекитилген. Адистердин функционалдык милдеттери бөлүштүрүлгөн. Иш алып баруу боюнча номеклатуралык иш кагаздары жүргүзүлгөн жана нумерацияланган. Иш жүргүзүү отчеттору, заявкалар, банктык проводкалар, ошол нумерацияланган папкаларга ылайык тиркелген. Жылдык жана кварталдык иш пландар бекитилген. Отчет, учет иштери автоматташтырылган IS:Казына. Бюджет программасы аркылуу жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Аксы финансы башкармалыгынын казыналык бөлүмү 33 бюджеттик мекемени тейлейт, анын ичинде жергиликтүү бюджетте 7 мекеме, республикалык бюджетте тургандар 26 мекеме. Аталган мекемелерге казынада 128 бюджеттик, 41 атайын, 30 депозит жана ФОМСтун атайын 3 счеттору ачылган, андан тышкары ФОМСтун депозит 1 счету бар.

Аудит убагында тандап алуу ыкмасы менен салыктык жана салыктык эмес жыйымдардын, башка кирешелердин бюджеттин ар кандай денгээлдери боюнча туура чегерилиши текшерилип, мыйзам бузуулар жана каталар аныкталган жок.

Кирешелердин ар кандай деңгээлдерине чегерилиши күн сайын “IS:Казына. Бюджет” программасы аркылуу жүргүзүлөт. Күнүмдүк банк-агент аркылуу транзиттик эсепке түшкөн кирешелер салыктардын түрлөрү боюнча жана кирешелердин классификациясынын негизинде “IS:Казына Бюджет” программасы аркылуу кирешелердин ээлерине чегерилет. Күн сайын банктык жазылмалар IS:Казына.Бюджет программасы аркылуу иштеп чыгат жана бирдиктүү реестрди 2 нускада иштеп чыгып, 1 нускасын салык кызматкерине кол койдуруп берет. Андан кийин кирешелердин жалпы тутуму райондук салык кызматы менен такталып, салыштырылып, салыштырма акты түзүлөт. Текшерилген мөөнөт аралыгында салык кызматынын жана казына бөлүмүнүн актыларында айырма аныкталган жок.

Түшкөн кирешелердин жана алардын бюджеттин ар кандай деңгээлдерине чегерүүсүн так жүргүзүү боюнча учет “IS:Казына.Бюджет” программасында

республикалык бюджеттин “Эсептердин казыналык китеби” (КСК), “Айыл өкмөттөрдүн бюджетинин эсептеринин казыналык китеби (КСК) жана “Такталбаган кирешелердин китеби” (КСК) жүргүзүлөт. Күн сайын кирешелердин жана чыгашалардын “Жергиликтүү бөлүштүрүлбөгөн” казыналык китеби аркылуу ар бир айыл өкмөтү боюнча учет жүргүзүлөт жана ай сайын алардын калдыктары боюнча салыштырма акты түзүлөт. Аймактык казына бөлүмүндө күн сайын республикалык бюджеттен алынган жана ачылган кредиттер боюнча учет төмөнкү КСКлар аркылуу жүргүзүлөт жана ар бир мекемеге маалымат берилип турат. Булар: КСК “ РОК-ЦК” Которуу эсеби, КСК “РОК-РОК” которуу эсеби, бул эсептер боюнча ай сайын Борбордук казыналык менен салыштырма актылары түзүлөт.Текшерүү учурунда максатсыз каржылоо аныкталган жок.

КР Финансы министирлигинин 2023-жылдын 13-февралындагы №15-Б буйругу бекитилген “Салыктын, салыктык эмес кирешенин, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн ашыкча же туура эмес төгүлгөн суммасын эсепке алуунун жана кайтарып берүүнүн тартиби жөнүндөгү” жобого ылайык 2024-жылы Мамлекеттик салык кызматынын Аксы райондук башкармалыгы тарабынан берилген «Заключение FORM STI-012» -61 даана 1 587,3 миң сомдук корутунду, «Заключение FORM STI-013» -96 даана 2 301,1 миң сомдук корутунду «IS Казна Бюджет» автоматташтырылган маалыматтык системасында аткарууга алынды.

## ЖЫЙЫНТЫК:

Жалал-Абад областынын Аксы районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы бюджетинин түзүлүшү, аткарылышына жана муниципалдык ишканаларынын ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча жалпысынан **5005,8 миң сомдук** каржылык бузуулар аныкталды, ордуна коюлууга тийиш сумма **4933,8 миң сом**, андан **3538,6** миң сом ордуна коюлду *(бюджетке 434,9 миң сом, мекемеге 3103,7 миң сом)*, ордуна коюлбаган калдык сумма **1395,2** миң сомду түзөт.

**Каржылык бузуулар классификатору боюнча:**

- **(210305)** Бюджетке милдеттүү төлөмдөрдүн чегерилбеши (өз учурунда эмес жана толук эмес чегерүү) **1714,4 миң сом**, толук ордуна коюлууга тийиш, андан 401,9 миң сом бюджетке ордуна коюлду, ордуна коюлбаган калдык сумма 1312,5 миң сомду түзөт;

- **(230109)** Каражаттарды бирдиктүү казыналык эсептен четтеп өтүү менен пайдалануу **33,0 миң сом,** бюджетке толук ордуна коюлду;

- **(230303)** Кызматкерлердин эмгек акысына жана башка акчалай төлөмдөр боюнча ченемден ашыкча чыгымдар **125,6 миң сом**, андан 68,4 миң сом ордуна коюлууга тийиш, ордуна коюлган жок;

- **(230304)** Кабыл алынган бюджеттик милдеттенмелерди аткарбоо же өз учурунда аткарбоо **493,0 миң сом,** бюджетке толук ордуна коюлду;

- **(230306)** Бузуулардын бул беренесине ТМБ ченемден ашыкча запастары жана эсептешүүлөрдөгү каражаттар боюнча бузуулар кирет **545,5 миң сом**, андан 530,7 миң сом ордуна коюлууга тийиш, бухгалтердик эсеп боюнча толук ордуна коюлду;

- **(310104)** Негизги каражаттарды кириштөө тартибин бузуу, негизги каражаттардын жана материалдык эмес активдердин эскиргендигин эсептөөдөгү

бузуулар. Белгиленген тартипте кириштелбеген, эсепке алынбаган мүлктүн болушу **2434,0 миң сом**, бухгалтердик эсеп боюнча толук ордуна коюлду;

- **(310105)** Мүлктү жана акчалай каражаттардын (зыян келтирүү, жоготуу, урдоо) кем чыгуусу **4,0 мин сом**, бухгалтердик эсеп боюнча толук ордуна коюлду;

-**(410205)** Командировкалык чыгымдарды, жөлөк пулдарды, компенсацияларды ж.б. төлөмдөрдү төлөп берүүгө байланыштуу бузуулар **14,3 миң сом,** толук ордуна коюлууга тийиш, ордуна коюлган жок;

- **(410211)** Негизги каражаттардын таануу, эсепке алуу жана аммортизациялоо тартиби боюнча мыйзамдардын талаптардын бузуу **14,1 миң сом** бухгалтердик эсеп боюнча толук ордуна коюлду;

- **(410215)** Дебитордук карыздыр боюнча эсеп жүргүзүүдөгү бузуулар **120,9 миң сом,** бухгалтердик эсеп боюнча толук ордуна коюлду.

**Аудит объектилери боюнча:**

**1. Аксы райондук мамлекеттик администрациясы боюнча** *(башчысы-аким Саргазаков Максатбек Таштанбекович, башкы эсепчиси Т.Орозов)* **аудит мамлекеттик инспектор А. Матякубов тарабынан жүргүзүлдү.**

Шайкештик аудиттин жыйынтыгында, Алай райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жыл мезгил аралыгындагы иши, баардык негизделген олуттуу аспекттеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Аксы финансы башкармалыгы боюнча** *(жетекчиси Тургунбаев Капарбек Сунунбекович, эсепчиси А.Ормонкулова)* **аудит мамлекеттик инспектор А.А.Матякубов.**

Шайкештик аудиттин жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Аксы финансы башкармалыгынын 2024-жыл мезгил аралыгындагы иши, баардык негизделген олуттуу аспекттеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**3.Аксы районунун өнүктүрүү фонду боюнча** *(директору Тургунбаев Капарбек Сунунбекович, эсепчиси А.Ормонкулова)* **аудит мамлекеттик инспектор А.А.Матякубов.**

Шайкештик аудиттин жыйынтыгында, Аксы районунун өнүктүрүү фондунун 2024-жыл мезгил аралыгындагы иши, баардык негизделген олуттуу аспекттеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**4. Кербен шаардык мэриясы боюнча** *(шаардын мэри Зияйдинов Эрнист Эгенбердиевич, башкы эсепчинин м.а. Копоева Зулайка Токтосуновна)* **аудит мамлекеттик инспектор А.Матякубов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1. 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата** жүргүзүлгөн мурдагы аудиттин жыйынтыгында аныкталган каржы бузуулардан **253,4 миң сом** азыркы учурга чейин ордуна коюлбагандыгы такталды, анын ичинен:

- Шаардык Кенештин 26 депутатына командировкалык чыгымдар үчүн негизсиз төлөнүп берилген **159,4 миң сом** тиешелүү кызматкерлерден бюджетке өндүрүлбөгөн;

- **«Кербен шаарындагы Уметалиев көчөсүндөгү №49 Ынтымак мектебинин аймагына спорттук залдын жуунуучу бөлмөсү менен курулушу”** обьектиси боюнча  подрядчы «АУС Групп» ЖЧКсы тарабынан **94,0 миң сом** бюджетке кайтарылбаган.

**Сунуштама 1. 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата** жүргүзүлгөн мурдагы аудиттин жыйынтыгында аныкталган каржы бузууларды ордуна коюу боюнча тийиштүү чараларджы көрбөгөн жоoптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин каршш сунушталат жана жалпы **253,4 миң сомду** ордуна коюу боюнча чаралар көрүлсүн, андан:

- Шаардык Кенештин 26 депутатына командировкалык чыгымдар үчүн негизсиз төлөнүп берилген **159,4 миң сом** тиешелүү кызматкерлерден бюджетке өндүрүлсүн;

- **«Кербен шаарындагы Уметалиев көчөсүндөгү №49 Ынтымак мектебинин аймагына спорттук залдын жуунуучу бөлмөсү менен курулушу”** обьектиси боюнча  подрядчы «АУС Групп» ЖЧКсы тарабынан **94,0** миң сом бюджетке кайтарылсын.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Мэрия тарабынан 2020-жылдан бери бюджетке милдеттүү төлөмдөрдүн өз учурунда чегерилбей калгандыгынан, 2024-жылдын 31-декабрына карата **493,0 миң сом** туум эсептелинген. 2025-жылдын 30-апрелиндеги №274 төлөө тапшырмасынын негизинде бюджетке калыбына келтирилди.

**Сунуштама 2.** Бюджетке чегерилүүчү милдеттүү төлөмдөрдүн өз учурунда бюджетке которулуусу көзөмөлгө алынсын.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Кызматтык автоунаага күйүүчү-майлоочу материалдардын сарпталышына аудит жүргүзүүдө, 2024 –жылда 5175,1 литр 340,6 миң сомдук күйүүчү-майлоочу майлар кириштелип, 5175,1 литр 351,3 миң сомдук күйүүчү-майлоочу майлар чыгышталып, жыйынтыгында **14,8 миң сомдук** (5175,1-4950) 226 литр күйүүчү-майлоочу майлар нормадан ашыкча сарпталгандыгы аныкталды **(классификатор боюнча коду 230305)**.

**Сунуштама 3.** Кызматтык автоунаага күйүүчү-майлоочу материалдарды сарптоодо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.04.2022-жылдагы №240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтомунда белгиленген ченемдер сакталып, ашыкча чыгымдоолорго жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду 4.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 «Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндөгү» токтомунун 1-пунктунда белгиленген талаптарды бузуу менен, командировкалык чыгымдарды төлөөдө 4 кызматкердин турак жайды ижаралоо боюнча чыгымдарына **14,3 миң сом** ашыкча төлөнгөндүгү аныкталды. Ордуна коюлган жок **(классификатор боюнча коду 410205).**

**Сунуштама 4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы №778 “Иш сапардык чыгымдарынын ченемдерин

белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” токтомунда бекитилген ченемдер сакталсын, ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин. Иш сапардык чыгымдарга ченемден ашыкча төлөнгөн **14,3 миң сом** тиешелүү кызматкерлер тарабынан бюджетке кайтарылсын.

**5. Кербен шаарындагы «Кербен Тазалык жана көрктөндүрүү» муниципалдык ишканасы боюнча** *(директору Б.А.Парпиев, эсепчиси А.У.Кожомкулов)* **аудит мамлекеттик инспектор К.Ажиматов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин жана КРнын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптары сакталбаган. Кызматкерлерге эмгек акы төлөөдө, жалпы **1019,2 миң сом** бюджетке жана Соцфондго төлөнүүчү милдеттүү төлөмдөр өз убагында жана толук которулбаган, анын ичинен: киреше салыгына 153,2 миң сом, Соцфондго камсыздандыруу төлөмдөрүнө 866,0 миң сом. Ордуна коюлган жок **(классификатор боюнча коду 210305)**.

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин жана КРнын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузууга, б.а. эмгек акы төлөөдө милдеттүү төлөмдөрдүн өз убагында чегерилбей калуусуна жол берген жоопту кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

Кызматкерлерге эмгек акы төлөөдө өз убагында чегерилбей калган 153,2 миң сом киреше салыгы жана 866,0 миң сом камсыздандыруу төлөмдөрү, жалпы **1019,2 миң сом** тийиштүү бюджетке которулуп ордуна коюлсун.

Муниципалдык ишкананын ишмердүүлүгүн жүргүзүү, КРнын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2024-жылдын 11-январындагы № 01-25/6 буйругу менен бекитилген “Муниципалдык ишкананын ишмердүүлүгүн уюштуруу жөнүндө” Усулдук колдонмого ылайык жүргүзүлсүн.

**6. Кербен шаарындагы «Кербен сууканал» муниципалдык ишканасы боюнча** *(директору К.К.Шертаев, эсепчиси Г.А.Суерова)* **аудит мамлекеттик инспектор К.Ажиматов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы № 281 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартиби боюнча” Жобонун 4-главасында белгиленген талаптар сакталбаган, кассалык китеп жүргүзүлбөгөн, ишкананын кассири тарабынан жүргүзүлгөн кириштөө жана чыгыштоолор боюнча кыймылдар күн сайын кассалык китепке жазуулар жүргүзүлүп калдыктар чыгарылбастан айдын жыйынтыгы менен гана жүргүзүлгөн.

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы № 281 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартиби боюнча” Жобонун талаптары сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду 2.** «Кербен сууканал» муниципалдык ишканасынын негизги кирешеси болгон суу үчүн акы төлөөгө төлөмдөр боюнча 01.01.2024-жылга карата калктын дебитордук карызы 386,2 миң сом болсо 01.01.2025-жылга карата 552,1 миң сом болуп жыл ичинде 165,9 миң сомго көбөйгөн.

**Сунуштама 2.** Мекеменин негизги кирешеси болгон суу үчүн төлөмдөр боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн, кирешелер боюнча бекитилген пландардын аткарылуусу боюнча жетекчилик тарабынан көзөмөл жүргүзүлсүн.

**7. Кербен шаарындагы «Миң-Булак суу» муниципалдык ишканасы боюнча** *(директору С.Жолдошбай уулу, эсепчиси Мырзакулова З.)* **аудит мамлекеттик инспектор К.Ажиматов тарабынан жүргүзүлдү.**

Шайкештик аудиттин жыйынтыгында, “Миң-Булак суу” муниципалдык ишканасынын 2024-жыл мезгил аралыгындагы иши, баардык негизделген олуттуу аспекттеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**8. “Ак Жол” айыл аймагынын айыл өкмөтү боюнча** *(башчысы Тасмабек уулу Болотбек, финансы-экономика бөлүмүнүн башчысынын м.а. Курманалиев Азамат Жакыпбекович)* **аудит мамлекеттик инспектор Т.Зулпиев тарабынан жүргүзүлдү).**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 86-беренесинде жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 30-беренесинин 2-пунктунда белгиленген талаптарды бузуу менен 3 кызматкерге 1 айлык эмгек акы ченеминде **57,2 миң сом** иштен кетүү жөлөк пулу негизсиз төлөнүп берилгендиги аныкталды, анткени алар 2024-жылдын 20-мартында жумуштан бошотулуп, ошол эле күнү келишимдин негизинде жумушка кайра кабыл алынып иштей баштаткан **(классификатор боюнча коду 230303)**.

**Сунуштама 1.** Эмгек акы жана иштен бошогондугуна байланыштуу иштен кетүү жөлөк пулду төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 2.** 01.01.2024-жылга карата 965,2 миң сомдук 193,1 тонна көмүр болгон, жыл ичинде 3377,9 миң сомдук 621,0 тонна көмүр кириштелип, жыл ичинде 2859,3 миң сомдук 547,3 тонна сарпталган, жыл аягына 1483,8 миң сомдук 266,3 тонна көмүрдүн калдыгы калган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алуунун жургүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускамага ылайык, айыл өкмөтүндө көмүр боюнча **530,7 миң сомдук** 83,7 тонна көмүрдүн ашыкча запасы бар экендиги аныкталды. Көрүлгөн чаралардын натыйжасында 2025-жылдын бюджетинен кыскартылды **(классификатор боюнча коду 230306).**

**Сунуштама 2.** Көмүрдү сарптоодо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алуунун жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускамага ылайык эсепке алынсын.

**9. “Ак Жол” айыл аймагынын “Макалды” муниципалдык ишканасы боюнча** (*жетекчиси Кочкорбаев Эламан Жапарович, эсепчиси Сейиткеримов Нуралы Узеналиевич)* **аудит мамлекеттик инспектор Т.Зулпиев тарабынан жүргүзүлдү.**

Шайкештик аудиттин жыйынтыгында, “Макалды” муниципалдык ишканасынын 2024-жыл мезгил аралыгындагы иши, баардык негизделген олуттуу аспекттеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**10. Уч-Коргон айыл өкмөтү боюнча** *(башчысы Жапаров Маматысак Абдухалилович, финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Суваналы уулу Дайырбек)* **аудит мамлекеттик инспектор М. Маманов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 131-беренсинин 2-пунктунун талаптары сакталбастан, айыл өкмөтүнүн жоопту кызмат адамдары тарабынан **33,0 миң сом** акча каражаты бирдиктүү казыналык эсеп счетуна которулбастан казыналык эсепти кыйгап өтүү менен түз касса аркылуу иштетилгендиги аныкталды. Көрүлгөн чаралардын натыйжасында бюджетке кайтарылды (**классификатор боюнча коду 230109).**

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 131-беренсинин 2-пунктунун талабын бузууга жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кызматкерлерге кызматтык маяналарын төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын талабы сакталбаган, тактап айтканда 2 кызматкердин иштеген жылдары үчүн үстөк пайыздары туура эмес эсептелип жалпы **43,1 миң сом** ашыкча төлөнгөндүгү аныкталды. Оруна коюлган жок (**классификатор боюнча коду 230303**).

**Сунуштама 2.** Муниципалдык кызматчылардын кызматтык маяналарына иштеген жылдары үчүн пайыздык үстөктөрдү төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгында белгиленген талаптар сакталсын жана ашыкча төлөнгөн **43,1 миң сом** тиешелүүү кызматкерлердин эсебинен бюджетке ордуна коюлсун, андан: Э.Добулбековдон 24,5 миң сом жана М.Туялиевден 18,6 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын 6-пунктунда белгиленген талаптар сакталбаган.

Тактап айтканда, кызматкерлердин иш сапарында жүргөн күндөрү эске алынбастан транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн **25,3 миң сом** компенсациялык төлөмдөр төлөнүп берилгендиги аныкталды. Ордуна коюлган жок (**классификатор боюнча коду 230303)**.

**Сунуштама 3.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын 6-пунктунда белгиленген талаптарды бузууга жол берилбесин. Кызматкерлердин иш сапарында жүргөн күндөрү эске алынбастан транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн ашыкча төлөнгөн **25,3 миң сом** бюджетке кайтарылсын.

**Аныкталды жана корутунду 4.** Айыл өкмөтү тарабынан 2024-жылдын 28-октябрындагы №85 келишимдин негизинде жеке ишкер А.Кенжебековага тамак-аш азыктары үчүн 2024-жылдын 31-декабрына карата **120,9 миң сом** ашыкча которуп берилген. Бирок, 2024-жылдын баланстык отчетунун дебитордук жана кредитордук карыз боюнча маалыматтын №6-тиркемесинде дебитордук карызы катары көрсөтүлбөй эсептен жашырууга жол берилгендиги аныкталды. Аудит учурунда эсептешүү актысы түзүлүп дебитордук карыз катары эсепке алынды.

**Сунуштама 4.** Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2024-жылдын 22-январдагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторлорунда бухгалтердик эсепти жүргүзүү жана финансалык отчетторду түзүү" Жобосунун талабын бузууга, б.а. дебитордук карыздарды эсептен жашырууларга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**Аныкталды жана корутунду 5.** Үч-Коргон айыл өкмөтү Нарын айылындагы О.Соурбеков атындагы маданият үйүн капиталдык ремонттоо боюнча мамлекеттик сатып алуулар порталына 24.04.2024-жылы №24051044276737 чектелбеген ыкманын эки пакеттүү методу менен 2988,4 миң сомго конкурс жарыялаган. Мамлекеттик сатып алуулар боюнча порталындагы конкурстук документтерге ылайык, Берүүчүнүн сунушуна кепилдикти камсыз кылуу төлөмү 2%, Контракты аткарууну кепилдик камсыздоо төлөмү 2 % белгиленген. Конкурска катышууга "Аксы Строй", "Данка Строй" жана "Ньюс Строй" ЖЧКлары конкурстук сунуштама берген, конкурстук комиссиянын чечими менен конкурстук документтери квалификациялык талаптарга ылайык деп табылып конкурстун экинчи этабына "Аксы Строй" жана "Данка Строй" ЖЧКлары өтүп, "Данка Строй" ЖЧКсы жеңүүчү болуп табылган. "Данка Строй" ЖЧКсы Нарын айылындагы О.Соурбеков атындагы маданият үйүн капиталдык ремонтто боюнча конкурста жеңүүчү болуп, конкурстук документтерде белгиленген 2% "Контрактты аткарууну кепилдик камсыздоо" төлөм аткарылбай, Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн депозиттик эсебине 52,9 миң сом төлөнбөгөндүгү аныкталды.

Натыйжада, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамынын 50-берененсинде белгиленген талаптар аткарууга алынбаган.

**Сунуштама 5.** Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилбесин.

**11. Уч-Коргон айыл өкмөтүнүн «Ак Ниет” муниципиалдык ишканасынын боюнча** *(директору Кушаков Урустам Таштаналиевич)* **аудит мамлекеттик инспектор М.Маманов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Муниципалдык ишкананын бюджети, кызмат көрсөтүү баалары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2024-жылдын 11-январындагы № 01-25/6 буйругу менен бекитилген “Муниципалдык ишкананын ишмердүүлүгүн уюштуруу методикалык колдонмонун” таларптарына ылайык бекитилбегендиги аныкталды.

**Сунуштама 1.** “Үч-Коргон Ак-Ниет” муниципалдык ишканасы өзүнүн ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2024-жылдын 11-январындагы № 01-25/6 буйругу менен бекитилген “Муниципалдык ишкананын ишмердүүлүгүн уюштуруу методикалык колдонмосуна” ылайык жүргүзсүн.

**Аныкталды жана корутунду 2.** 2024-жылга жалпысынан 22 штат бирдик менен эмгек акысы 829,0 миң сомго эсептелген. Анын ичинен: киреше салыгы 71,4 миң сом, социалдык фондго төлөм 82,9 миң сомду, ал эми колго тийүүчү эмгек акысы 674,6 миң сомду түзгөн. Касса аркылуу кызматкерлерге 409,8 миң сом төлөнүп берилген. 2024-жылдын 31-декабрына карата эмгек акы боюнча карызы 264,8 миң сомду түзгөн.

Кызматкерлерге эмгек акы төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин, Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 24-январындагы №8 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнө тарифтер жөнүндө” Мыйзамынын 2-беренсинин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 3-декабрындагы № 729 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөө жана төлөө тартиби жөнүндө” Нускаманын 52-пунктунун талаптарын бузууга жол берилген. Тактап айтканда, социалдык камсыздандыруу төлөмүнө (10%) 82,9 миң сом, киреше салыгына 71,4 миң сом, иш берүүчүлөрдүн эсебинен (17,25%) төлөнүүчү социалдык камсыздандыруу төлөмүнө 143,0 миң сом тиешелүү бюджетке чегерилбегендиги аныкталды. Бүгүнкү күнгө карата, киреше салыгына 50,2 миң сом, иш берүүчүлөрдүн эсебинен (17,25%) төлөнүүчү социалдык камсыздандыруу төлөмүнө 143,0 миң сом, жалпы **193,2 миң сом** тиешелүү бюджетке чегерилбегендиги аныкталды. Ордуна коюлган жок **(классификатор боюнча коду 210305).**

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин, Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 24-январындагы №8 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнө тарифтер жөнүндө” Мыйзамынын 2-беренсинин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 3-декабрындагы № 729 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөө жана төлөө тартиби жөнүндө” Нускаманын 52-пунктунун талаптарын бузууга, б.а. киреше салыгынын жана социалдык камсыздандыруу төлөмдөрүнүн өз убагында тиешелүү бюджетке чегерилбей калуусуна жол берген жоопту кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

Кызматкерлерге эмгек акы төлөөдө бюджетке которулбай калган жалпы **193,2 миң сомду** *(50,2 миң сом киреше салыгы, 143,0 миң сом иш берүүчүлөрдүн*

*эсебинен (17,25%) төлөнүүчү социалдык камсыздандыруу төлөмү)* бюджетке ордуна коюу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 3.** "Үч-Коргон Ак-Ниет" муниципалдык ишканасынын акы төлөнүүчү тарифтери (баалары) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы № 637 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибинин" 2.4-пунктуна ылайык, Уч-Коргон айыл айылдык кеңеши тарабынан Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мамлекеттик органынын аймактык бөлүмчөлөрү менен макулдашылып бекитилбегендиги аудит учурунда аныкталды.

**Сунуштама 3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибинин" 2.4- пунктунуна ылайык, муниципалдык ишканасынын акы төлөнүүчү тарифтери (баалары) тиешелүү орган менен макулдашылып бекитилсин.

**Аныкталды жана корутунду 4.** Күйүүчү майлоочу майды чыгымдоодо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 07.10.2010-жылдагы №231 менен бекитилген "КРда ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө" Нускаманын талаптарын сакталбагандыгы аныкталды. Тактап айтканда, күйүүчү майлоочу майларга жол барактары түзүлбөстөн, акт менен гана чыгымдалган.

**Сунуштама 4.** Күйүүчү майлоочу майды чыгымдоодо, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 29-апрелиндеги № 76 "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 07.10.2010-жылдагы №231 менен бекитилген "КРда ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө" Нускаманын талаптарына ылайык, жол баракчасы жана эсептен чыгаруу актысы түзүлсүн.

**12. Кара-Камыш айыл өкмөтү боюнча** (*башчысы Султамуратов Тологон Акматбекович, финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы Алыкулова Гулниза Соорбековна)* **аудит мамлекеттик инспектор Т.Акматов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.**

**1).** 240529446983664 конкурс 2024 -жылдын 12-июнунда өткөрүлгөн. Лот-Кара-Камыш айыл өкмөтүнө караштуу "Кара-Суу айылындагы Ак-Таш селканасынын латокторун калыбына келтирү", суммасы **2997,1** миң сом. Аудиттин жүрүшүндө аталган конкурс КР "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" мыйзамынын талаптарын бузуу менен өткөрүлгөндүгү аныкталды. Атап айтканда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамынын 50-беренесинде "Контрактты аткарууну кепилдик камсыз кылуу (ГОИК) накта акча түрүндө берилген учурда, берүүчү аларды мамлекеттик сатып алуулар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын эсебине которот" - деген талаптары аткарылбаган, б.а. **299,7** миң сомдук кепилдик суммасы (ГОИК 2997132*10%=299713 сом) мекеменин депозиттик эсебине которулбаган.

**2)**. 240821462478269 конкурс 2024 -жылдын 26-августунда өткөрүлгөн. Лот- Кара-Камыш айыл өкмөтүнө караштуу мектептерге, бала бакчаларга жана административдик имаратына көмүр сатып алууга, суммасы **2228,2** миң сом. Аудиттин жүрүшүндө аталган конкурс КР “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын талаптарын бузуу менен өткөрүлгөндүгү аныкталды. Атап айтканда, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамынын 50-беренесинде “Контрактты аткарууну кепилдик камсыз кылуу (ГОИК) накта акча түрүндө берилген учурда, берүүчү аларды мамлекеттик сатып алуулар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын эсебине которот” - деген талаптары аткарылбаган, б.а. **89,1** миң сомдук кепилдик суммасы (ГОИК2228204*4%=89128 сом) мекеменин депозиттик эсебине которулбаган.

**3)**.Конкурс 241209482617613 конкурс 2024 -жылдын 12-декабрында өткөрүлгөн. Лот- Кара-Камыш айыл өкмөтүнө караштуу Т. Шатманалиев атындагы маданият үйүнө музукалык инструменттерди сатып алуу үчүн, суммасы **385,7** миң сом. Аудиттин жүрүшүндө аталган конкурс “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын талаптарын бузуу менен өткөрүлгөндүгү аныкталган, атап айтканда: Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамынын 50-беренесинде көрсөтүлгөн: Контрактты аткарууну кепилдик камсыз кылуу (ГОИК) накта акча түрүндө берилген учурда, берүүчү аларды мамлекеттик сатып алуулар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын эсебине которот,- деген талаптары аткарылбаган тактап айтканда **7,7** миң сомдук кепилдик суммасы (ГОИК 385,7*2%=7,7 миң сом) мекеменин депозиттик эсебине которулбагандыгы аныкталган.

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын талаптары так сакталып, мыйзамдын талаптарын кыйгап өтүү менен каржылоолорго жол берилбесин. Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерге карата мыйзам чегинде чаралар көрүлсүн.

**13. Сары-Челек айыл өкмөтү боюнча** *(башчысы Айткулов Таалайбек Алимырзаевич, финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы-башкы эсепчиси Толобаев Ныяз Абдихалилович)* **аудит мамлекеттик инспектор К.Рахманов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Сары-Челек айыл өкмөтүнүн башчысынын 2025-жылдын 14-апрелиндеги № 71-б буйругунун негизинде айыл өкмөттүн балансында турган негизги жана айланма каражаттарга түзүлгөн курамда инвентаризация өткөрүлүп, жыйынтыгында 17 жооптуу адамдын жооопкерчилигинен **4,0 миң сомдук** товардык-материалдык баалууктардын жетишпестиги жана тамак-аш азыгынан 14,1 миң сомдук ашыкча чыгуу аныкталды. Аудит мезгилинде **4,0 миң сом** жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилигинен өндүрүлдү, ашыкча чыккан 14,1 миң сомдук тамак аш азыктары жооптуу кызматкердин жоопкерчилигине актынын негизинде киреше болду **(4,0 миң сом - классификатор коду 310105, 14,1 миң сом -классификатор коду 410211).**

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетторду жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузууга, б.а. товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестигини жана тамак-аш

азыктарынын ашыкча чыгуусуна жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү сунушталат.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы №161-б буйругунун негизинде Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын колдонуу боюнча көрсөтмө одоно бузулган, атап айтсак: 2024-жылдын 20-ноябрь айында Ы.Барпиевдин 90-жылдык маарекесин өткөрүүгө колдоо көрсөтүү үчүн тендер жарыяланган, тендерди жеке ишкер "Уркунбаев Расулбек" утуп, маарекени өткөрүү үчүн 130,0 миң сом акча каражаты чыгышталган. Чыгаша болгон акча каражаттар 2215 "Ар түрдүү чыгаша жана кызмат көрсөтүү" беренеси аркылуу жүргүзүлбөстөн 2721 "Социалдык жардам" беренеси аркылуу чыгышталган.

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы №161-п буйругунун негизинде Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын колдонуу боюнча көрсөтмөнү бузууга жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Сары-Челек жайыт комитети тарабынан 2024-жылы жайыт комитетинин башчысына жана эсепчисине иштеп акы көрсөткөн иштери үчүн 120,2 миң сом эмгек акы төлөнүп берилген. Бирок, Кыргыз Республикасынын 24.01.2004-жылдагы №8 "Социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн тарифтери жөнүндөгү" Мыйзамынын 2-беренесинин 2-пунктунда жана Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 185 жана 200-беренелеринде белгиленген талаптар аткарууга алынбаган. Тактап айтканда, Социалдык фондго **12,0** миң сом, киреше салыгына **10,6** миң сом, жалпысынан **22,6 миң сом** кошумча эсептөөлөр эсептелген эмес. Көрүлгөн чаралардын натыйжасында бюджетке которулуп ордуна коюлду **(классификатор боюнча коду 210305)**.

**Сунуштама 3.** Кыргыз Республикасынын 24.01.2004-жылдагы №8 "Социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн тарифтери жөнүндөгү" Мыйзамынын 2-беренесинин 2-пунктунда жана Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 185 жана 200-беренелеринде белгиленген талаптарга ылайык, киреше салыгы жана Соцфонд төгүмдөрү өз убагында чегерилип тийиштүү бюджетке которулсун.

**14. Ак Суу айыл өкмөтү боюнча** *(башчынын м.а.Дуйшебаева Самара Кубанычбековна, финансы- экономика бөлүмүнүн м.а. Н.Акматов)* **аудит мамлекеттик инспектор Т.Зулуев тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Аудит мезгили камтыган аралыкта Ак-Суу айыл өкмөтүндө 13 жоопкерчилиги чектелген коомдор тарабынан көмүр, цемент, коалин казуу үчүн жерлерди ижарага алып келишимдин негизинде жумуштарын жүргүзүп келет 2024-жыл ичинде келишимди толук аткарбаган 6 ЖЧКсы тарабынан 439,2 миң сом ижара акы төлөмдөрү айыл өкмөттүн эсебине өндүрүлбөй калган, алар: "Көмүр кен групп" ЖЧКсы тарабынан 40,0 миң сом, "Таш-Көмүр цемент" ЖЧКсы тарабынан 300,0 миң сом, "Нур-Сай" ЖЧКсы тарабынан 50,0 миң сом, "Аделина Компании" ЖЧКсы тарабынан 12,5 миң сом, "Тоффино" ЖЧКсы тарабынан 16,7 миң сом, "Болсун Групп" ЖЧКсы тарабынан 20,0 миң сом.

**Сунуштама 1.** Ак-Суу айыл өкмөтү тарабынан көмүр, цемент, коалин казуу үчүн ижарага берилген жерлердин иажара акы төлөмдөрүн өз учурунда өндүрүү

боюнча алгылыктуу иш чараларды жүргүзүү жагы тийиштүү адистерге милдеттендирилип, ижара акылар өндүрүүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Аудиттин жүрүшүндө, Мамлекеттик айыл-чарба кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлерин пайдалануусунан 2024-жылы ижара акылар жалпысынан такталганы 150,0 миң сомду түзгөн, жыл башына ижара акыдан карыз калган эмес, жыл ичинде 112,6 миң сомдук ижара акы төлөмдөрү өндүрүлгөн, жыл аягына калган калдык 37,4 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама 2.** Кыргыз Ркспубликасынын Жогорку Кеңешинин 2007-жылдын 29-июнундагы № 1997-III токтому менен бекитилген "Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби жөнүндө" Типтүү жобосунун талаптарына ылайык КБФнун жерлеринин ижара акы төлөмдөрүн өз убагында өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Жайыт башкармалыгы тарабынан 2024-жылдагы киреше салыгына 15,8 миң сом жана социалдык төлөмдөргө 50,2 миң сом, жалпы **65,9 миң сом** чегерилип тиешелүү бюджетке которулган эмес. Аудиттин жүрүшүндө 65,9 миң сом республикалык бюджет эсебине толук которулуп ордуна коюлду **(классификатор боюнча коду 210305).**

**Сунуштама 3.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын бузууга жол берилбесин.

**15. Кош-Дөбө айыл өкмөтү боюнча** (*башчысы Бекмуратов Бактыяр Кутманалиевич, каржы бөлүмүнүн башчысы Муратбеков Кенжеалы Муратбекович*) **аудит мамлекеттик инспектор К.Исаков тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүдө, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" мыйзамынын талаптарына ылайык, бюджеттик каражаттардын эсебинен "Мүлктөрдүн учурдагы оңдоого чыгымдар" 2221-беренесинен Кош-Дөбө айыл өкмөтүнүн имаратын капиталдык ремонттон өткөрүү боюнча 2024-жылдын 4-октябрында 3 300,0 миң суммасында №241001470232037 конкурска ылайык, мамлекеттик сатып алуулар порталына жарыя берилип, утушка 2 863,2 миң сом өлчөмүндө «Бектур Курулуш» ЖЧКсы ээ болуп, 2024-жылдын 16-октябрындагы №45 Келишимдин негизинде курулуш жумуштарын жүргүзүп, (АВР) 2024-жылдын 8-ноябрындагы курулуш жумуштарын кабыл алуу актысы 1 000,0 миң сом өлчөмүндө жана 2024-жылдын 25-декабрындагы курулуш жумуштарын кабыл алуу актысы 1 434,6 миң сомду түзүп, жалпысынан 2024-жылга карата 2 434,6 миң сомдук аткарылган жумуштар курулушка техникалык көзөмөл жүргүзүүчү А.Бекмырзаев, Кош-Дөбө айыл өкмөтүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу Б.Бекмуратов жана Атана айылынын айыл башчысы Б.Атабиевдер тарабынан кабыл алынган. Кош-Дөбө айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын 31-декабрына карата түзүлгөн (форма №1) Балансында Кош-Дөбө айыл өкмөтүнүн имаратын капиталдык ремонттон өткөрүү боюнча кабыл алынган 2 434,6 миң сомдук курулуш жумуштары "Бүтпөгөн курулуштар (Незавершенное строительство)" эсебине алынбагандыгы аныкталып, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу

секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобосунун талаптарына ылайык, капиталдык ондоп түзөөлөр “Имарат жана курулмалар” 3111-беренеси боюнча жүргүзүлүп, негизги каражаттардын баланстык баасы жалпы 2 434,6 миң сомго көбөйтүлүүгө тийиш. Жыйынтыгында, мекеменин капиталдык ондоп түзөөлөргө чыгышталган **2 434,6 миң сомдук** акча каражаты “Мүлктөрдүн учурдагы оңдоого чыгымдар” 2221-беренесинен туура эмес чыгышталган. Аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик эсеп боюнча негизги каражаттардын баасын 2 434,6 миң сомго жогорулатуу боюнча тиешелүү өзгөрүүлөр жүргүзүлүп, “Имарат жана курулмалар” 3111 - Дебет эсеби боюнча “Финансылык жыйынтык” 3111 - Кредит эсеби боюнча 2 434,6 миң сомго көбөйтүлүп бухгалтердик маалымкат түзүлдү (**классификатор боюнча коду 310104**).

**Сунуштама 1.** Капиталдык оңдоого каражаттарын чыгымдоодо, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январдагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузууга, каражаттарды негизсиз чыгыштоого жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү сунушталат.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүдө, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” мыйзамынын “Контрактты аткарууну кепилдик камсыздоо” талаптары боюнча 2024-жыл ичинде өткөрүлгөн конкурстарга “Контрактты аткарууну кепилдик камсыздоо” талаптары коюлуп, бирок аткарууга алынбай калган, тактап айтканда мекеменин депозиттик эсебине 377,8 миң сом өлчөмүндөгү “Контрактты аткарууну кепилдик камсыздоо” кепилдик акча каражаттары түшкөн эместиги аныкталды. Мекеме 2024-жыл ичинде конкурстарга коюлган контрактты аткаруунун кепилдигин камсыздоо боюнча талабын көбүнчө 0,1 жана 5 пайыз өлчөмүндө жана декларация талаптары коюлуп милдеттенткен, бирок утушка ээ болгон ишкерлерден депозиттик эсепке акча каражатын салбастан туруп жана декларациялары алынбай туруп, келишимдер түзүлгөн. Мекеме тарабынан жарыяланган конкурстарга “Контрактты аткарууну кепилдик камсыздоо” талаптары коюлуп, бирок камсыздалбаган учурларды аудит анализдеп, төмөнкүдөй тыянакка келди: биринчиден башка ишкерлерди өткөрүлгөн конкурстардан баш тартууга алып келет, же болбосо КР “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамдын талабына ылайык атаандаштыкты чектейт, экинчиден комиссия курамы тарабынан коюлган талаптар аткарылбастан жумуштар жүргөндүгү тастыкталат, же болбосо сатылып алынган товарларды, кызматтардын жана жумуштардын сапаты, баасына тобокелдиктер жаралат.

**Сунуштама 2.** Мамлекеттик сатып алуулар боюнча конкурстарды өткөрүүдө, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилбесин.

**16. “Кош Добо Тазалык” муниципалдык ишканасы боюнча** (жетекчиси Аширбеков Ныяз Райимбекович, башкы эсепчиси Атабекова Оңол Мадалбаевна) **аудит мамлекеттик инспектор К.К.Исаков тарабынан жүргүзүлдү**.

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 24-январындагы №8 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын 2-беренесинин

2-пунктунда жана Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 185 жана 200-беренелеринде белгиленген талаптарды бузууга жол берилбеген. Тактап айтканда муниципалдык ишкананын кызматкерлерине эмгек акы төлөөдө **64,6 миң сом** киреше салыгы жана **248,8 миң сом** Соцфонд (17,25%, 10%, 8% жана 2%) төгүмдөрү тийиштүү бюджетке которулбагандыгы аныкталды. Аудит учурунда тиешелүү бюджетке толугу менен которулуп ордуна коюлду (**классификатор боюнча коду 210305).**

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 24-январындагы №8 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Мыйзамынын 2-беренесинин 2-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 185 жана 200-беренелеринде белгиленген талаптарын бузууга, б.а. милдеттүү төлөмдөрдүн өз учурунда чегерилбей калуусуна жол берген тийиштүү эсеп боюнча адистерге тартип чаралары белгиленсин.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кош-Дөбө айыл өкмөтүнүн жайыт пайдалануучулардын бирикмесинин төрагасы З.Айтмырзаевге эмгек акы төлөөдө, Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 24-январындагы №8 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Мыйзамынын 2-беренесинин 1-2-пунктарында белгиленген талаптарды бузууга жол берилген. Кош-Дөбө айыл өкмөтүнүн жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасы З.Айтмырзаев Афган жана Тажикистан согушунун катышуучусу болгондуктан Кыргыз Республикасынын Салык кызматынын мыйзамдарына негиз ага эмгек акы төлөөдө киреше салыгы кармалбайт, ал эми камсыздандыруу төгүмдөрү 17,25% - 4,7 миң сом, 10% - 2,7 миң сомдук төгүмдөрү, жалпысынан **7,4 миң сом** акча каражаты тиешелүү бюджетке которулбай калган. Ордуна коюлган жок (**классификатор боюнча коду 210305).**

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 24-январындагы №8 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Мыйзамынын 2-беренесинин 1-2-пунктарында белгиленген талаптарга ылайык, **7,4 миң сом** социалдык камсыздандыруу төгүмдөрүн тиешелүү бюджетке которуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Мамлекеттик сатып алууларды ишке ашыруу, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2024-жылдын 11-январындагы № 01-25/6 буйругунун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, чарбалык коомдор тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана жүргүзүүнүн" Типтүү тартибинин талаптары аткарылбаган.

**Сунуштама 3.** Мамлекеттик сатып алууларды ишке ашырууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2024-жылдын 11-январындагы № 01-25/6 буйругунун «Муниципалдык ишкана тарабынан сатып алуулардын жалпы ыкмалары жана эрежелери» талаптарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, чарбалык коомдор тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана жүргүзүүнүн"

Типтүү тартибинин талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге карата мыйзам чегинде чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 4.** “Бозбу Таза-Суу” коомдук башталыштагы чарбалык мекемесинин кызматкерлерине эмгек акы төлөөдө, Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 24-январындагы №8 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын 2-беренесинин 2-пунктунда жана Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 185 жана 200-беренелеринде белгиленген талаптарды бузууга жол берилген. Тактап айтканда, 21,8 миң сом киреше салыгы жана 70,9 миң сом Соцфонд (17,25%, 10%, 8% жана 2%) төгүмдөрү, жалпысынан **92,7 миң сом** тийиштүү бюджетке которулбай калган **(классификатор боюнча коду 210305).**

**Сунуштама 4.** Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 24-январындагы №8 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын 2-беренесинин 2-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 185 жана 200-беренелеринде белгиленген талаптарга ылайык, **21,8** миң сом киреше салыгын жана **70,9** миң сом Соцфонд (17,25%, 10%, 8% жана 2%) төгүмдөрүн, жалпысынан **92,7 миң сомду** тиешелүү бюджетке которуу боюнча чаралар көрүлсүн.

## СУНУШ:

1.Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жана бюджеттик мекеме уюмдарында жана чарбалык ишканаларында жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча, каржылык бузууларга жол берген айыл өкмөт башчыларын, финансы-экономика бөлүмүнүн башчыларынын, жетекчилердин, башкы бухгалтерлеринин жоопкерчилиги каралып, каржылык бузууларды толук жана мындан ары жол бербөө боюнча тиешелүү иш-чаралар көрүлсүн.

**Аудит объектилери боюнча:**

1. **Кербен шаардык мэриясы боюнча:**

**1.1. 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата** жүргүзүлгөн мурдагы аудиттин жыйынтыгында аныкталган каржы бузууларды ордуна коюу боюнча тийиштүү чараларды көрбөгөн жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин кароо сунушталат жана жалпы **253,4 миң сомду** ордуна коюу боюнча чаралар көрүлсүн, андан:

- Шаардык Кенештин 26 депутатына командировкалык чыгымдар үчүн негизсиз төлөнүп берилген **159,4 миң сом** тиешелүү кызматкерлерден бюджетке өндүрүлсүн;

- **«Кербен шаарындагы Уметалиев көчөсүндөгү №49 Ынтымак мектебинин аймагына спорттук залдын жуунуучу бөлмөсү менен курулушу”** обьектиси боюнча подрядчы «АУС Групп» ЖЧКсы тарабынан **94,0** миң сом бюджетке кайтарылсын.

**1.2.** Бюджетке чегерилүүчү милдеттүү төлөмдөрдөн өз учурунда бюджетке которулуусу көзөмөлгө алынсын жана өз убагында чегерилбей калагндагына байланыштуу бюджеттик жоготууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**1.3.** Кызматтык автоунаага күйүүчү-майлоочу материалдарды сарптоодо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.04.2022-жылдагы №240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча

башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө" токтомунда белгиленген ченемдер сакталып, ашыкча чыгымдоолорго жол берилбесин.

**1.4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы №778 "Иш сапардык чыгымдарынын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунда бекитилген ченемдер сакталсын, ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин. Иш сапардык чыгымдарга ченемден ашыкча төлөнгөн **14,3 миң сом** тиешелүү кызматкерлер тарабынан бюджетке кайтарылсын.

**2. Кербен шаарындагы «Кербен Тазалык жана көрктөндүрүү» муниципалдык ишканасынын боюнча:**

**2.1.** Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин жана КРнын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарын бузууга, б.а. эмгек акы төлөөдө милдеттүү төлөмдөрдүн өз убагында чегерилбей калуусуна жол берген жоопту кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

Кызматкерлерге эмгек акы төлөөдө өз убагында чегерилбей калган 153,2 миң сом киреше салыгы жана 866,0 миң сом камсыздандыруу төлөмдөрү, жалпы **1019,2 миң сом** тийиштүү бюджетке которулуп ордуна коюлсун.

Муниципалдык ишкананын ишмердүүлүгүн жүргүзүү, КРнын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2024-жылдын 11-январындагы № 01-25/6 буйругу менен бекитилген "Муниципалдык ишкананын ишмердүүлүгүн уюштуруу жөнүндө" Усулдук колдонмого ылайык жүргүзүлсүн.

**3. Кербен шаарындагы «Кербен сууканал» муниципалдык ишканасы боюнча:**

**3.1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы № 281 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартиби боюнча" Жобонун талаптары сакталсын.

**3.2.** Мекеменин негизги кирешеси болгон суу үчүн төлөмдөр боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн, кирешелер боюнча бекитилген пландардын аткарылуусу боюнча жетекчилик тарабынан көзөмөл жүргүзүлсүн.

**4. "Ак Жол" айыл аймагынын айыл өкмөтү боюнча:**

**4.1.** Эмгек акы жана иштен бошогондугуна байланыштуу иштен кетүү жөлөк пулду төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**4.2.** Көмүрдү сарптоодо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алуунун жургузуунун тартиби жөнүндө" Нускамага ылайык эсепке алынсын.

**5. Уч-Коргон айыл өкмөтү боюнча:**

**5.1.** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 131-беренсинин 2-пунктунун талабын бузууга жол берилбесин.

**5.2.** Муниципалдык кызматчылардын кызматтык маяналарына иштеген жылдары үчүн пайыздык үстөктөрдү төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгында белгиленген талаптар сакталсын.

Кызматкерлердин иш сапарында жүргөн күндөрү эске алынбастан транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн ашыкча төлөнгөн **25,3 миң сом** *(кызматкерлердин апрель жана май айларындагы эмгек акысынан кармалган)* бюджетке кайтарылсын.

Иштеген жылдары үчүн пайыздык үстөк акы төлөөдө ашыкча төлөнгөн **43,1 миң сом** тиешелүүү кызматкерлердин эсебинен бюджетке ордуна коюлсун, андан: Э.Добулбековдон 24,5 миң сом жана М.Туялиевден 18,6 миң сом.

**5.3.** Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2024-жылдын 22-январдагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторлорунда бухгалтердик эсепти жүргүзүү жана финансалык отчетторду түзүү" Жобосунун талабын бузууга, б.а. дебитордук карыздарды эсептен жашырууларга жол берген жоопту кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**5.4.** Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилбесин.

**6. Уч-Коргон айыл өкмөтүнүн «Ак Ниет" муниципиалдык ишканасынын боюнча:**

**6.1.** "Үч-Коргон Ак-Ниет" муниципалдык ишканасы өзүнүн ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2024-жылдын 11-январындагы № 01-25/6 буйругу менен бекитилген "Муниципалдык ишкананын ишмердүүлүгүн уюштуруу методикалык колдонмосуна" ылайык жүргүзсүн.

**6.2.** Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин, Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 24-январындагы №8 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнө тарифтер жөнүндө" Мыйзамынын 2-беренсинин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 3-декабрындагы № 729 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөө жана төлөө тартиби жөнүндө" Нускаманын 52-пунктунун талаптарын бузууга, б.а. киреше салыгынын жана социалдык камсыздандыруу төлөмдөрүнүн өз убагында тиешелүү бюджетке чегерилбей калуусуна жол берген жоопту кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

Кызматкерлерге эмгек акы төлөөдө бюджетке которулбай калган жалпы **193,2 миң сомду** *(50,2 миң сом киреше салыгы, 143,0 миң сом иш берүүчүлөрдүн эсебинен (17,25%) төлөнүүчү социалдык камсыздандыруу төлөмү)* бюджетке ордуна коюу боюнча чаралар көрүлсүн.

**6.3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибинин"

2.4- пунктунуна ылайык, муниципалдык ишканасынын акы төлөнүүчү тарифтери (баалары) тиешелүү орган менен макулдашылып бекитилсин.

**6.4.** Күйүүчү майлоочу майды чыгымдоодо, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 29-апрелиндеги № 76 "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 07.10.2010-жылдагы №231 менен бекитилген "КРда ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө" Нускаманын талаптарына ылайык, жол баракчасы жана эсептен чыгаруу актысы түзүлсүн.

**7. Кара-Камыш айыл өкмөтү боюнча:**

- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так сакталып, мыйзамдын талаптарын кыйгап өтүү менен каржылоолорго жол берилбесин. Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерге карата мыйзам чегинде чаралар көрүлсүн.

**8. Сары-Челек айыл өкмөтү боюнча:**

**8.1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетторду жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын бузууга, б.а. товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестигини жана тамак-аш азыктарынын ашыкча чыгуусуна жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү сунушталат.

**8.2.** Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы №161-п буйругунун негизинде Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын колдонуу боюнча көрсөтмөнү бузууга жол берилбесин.

**8.3.** Кыргыз Республикасынын 24.01.2004-жылдагы №8 "Социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн тарифтери жөнүндөгү" Мыйзамынын 2-беренесинин 2-пунктунда жана Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 185 жана 200-беренелеринде белгиленген талаптарга ылайык, киреше салыгы жана Соцфонд төгүмдөрү өз убагында чегерилип тийиштүү бюджетке которулсун.

**9. Ак Суу айыл өкмөтү боюнча:**

**9.1.** Ак-Суу айыл өкмөтү тарабынан көмүр, цемент, коалин казуу үчүн ижарага берилген жерлердин иажара акы төлөмдөрүн өз учурунда өндүрүү боюнча алгылыктуу иш чараларды жүргүзүү жагы тийиштүү адистерге милдеттендирилип, ижара акылар өндүрүлсүн.

**9.2.** Кыргыз Ркспубликасынын Жогорку Кеңешинин 2007-жылдын 29-июнундагы № 1997-III токтому менен бекитилген "Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби жөнүндө" Типтүү жобосунун талаптарына ылайык КБФнун жерлеринин ижара акы төлөмдөрүн өз убагында өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**9.3.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын бузууга жол берилбесин.

**10. Кош Добо айыл өкмөтү боюнча:**

**10.1.** Капиталдык оңдоого каражаттарын чыгымдоодо, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январдагы № 1-Б

буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузууга, каражаттарды негизсиз чыгыштоого жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү сунушталат.

**10.2.** Мамлекеттик сатып алуулар боюнча конкурстарды өткөрүүдө, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилбесин.

**11. “Кош Добо Тазалык” муниципалдык ишканасы боюнча:**

**11.1.** Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 24-январындагы №8 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын 2-беренесинин 2-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 185 жана 200-беренелеринде белгиленген талаптарын бузууга, б.а. милдеттүү төлөмдөрдүн өз учурунда чегерилбей калуусуна жол берген тийиштүү эсеп боюнча адистерге тартип чаралары белгиленсин.

**21,8** миң сом киреше салыгын жана **78,3** миң сом Соцфонд (17,25%, 10%, 8% жана 2%) төгүмдөрүн, жалпысынан **100,1 миң сомду** тиешелүү бюджетке которуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**11.2.** Мамлекеттик сатып алууларды ишке ашырууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2024-жылдын 11-январындагы № 01-25/6 буйругунун «Муниципалдык ишкана тарабынан сатып алуулардын жалпы ыкмалары жана эрежелери» талаптарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, чарбалык коомдор тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана жүргүзүүнүн” Типтүү тартибинин талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге карата мыйзам чегинде чаралар көрүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош,**
**Жалал-Абад жана Баткен областтары**
**боюнча аймактык бөлүмүнүн**
**мамлекеттик инспектору** **А.А. Матякубов**